**2018 – 2019 – окуу жылында университеттин профессор-окутуучулары жана студенттери менен өткөрүлгөн жана пландаштырылган илимий-практикалык конференциялар.**

2018 – жылдын 12-октябрында КР Жогорку Кеңеши жана КР Президентинин алдындагы тил комиссиясы менен биргелешкен «Улуттук жыл санактын өзгөчөлүктөрү» аттуу темада илимий-практикалык конференция өткөрүлдү.
Жыйынтык: 2019 – жылдын 2-апрелинде КР Жогорку Кеңешинде «Улуттук жыл санактын өзгөчөлүктөрү» аттуу темада илимий-практикалык конференция өткөрүлүп ЮНЕСКОнун баалуу мурастар тизмесине каттатуу чечими кабыл алынды.

2018 – жылдын 13-декабрында Кыргыз Улуттук илимдер академиясы менен биргеликте «Коллективдештирүү: көчмөндүктөн отурукташууга өтүүнүн ийгиликери жана кемчиликтери» деген аталыштагы белгилүү окумуштуу – Академик С. Ильясовдун 110 жылдыгына арналган Эл аралык илимий конференция өткөрүлдү.
Жыйынтык: илимий макалалардын топтомунан университеттин «Билим жана тарбия» журналынын бир номери жарык көрдү.

2019 – жылдын 25-апрелине «Санариптештирүү Кыргызстандагы билим берүү жана илимдин жаңы өнүгүү чөйрөсү катары» аттуу темадагы ЖОЖдор аралык студенттердин илимий практикалык конференциясы даярдалууда.

Жыйынтык: Жыйнак чыгаруу.

Студенттердин илимий-изилдөө иштеринин жүрүшү:

1. 2018-2019 – окуу жылынын 15-февралынан баштап 7 багыттагы илимий клубдарда 18 топто 385 студент изилдөөлөрдү жүргүзүүдө;

2. Университеттин 12 студенти Республикадагы ар түрдүү илимий конференцияларга катышты.

3. Университет Улуттук илимдер академиясы менен биргеликте студенттердин «Акыл кенч» илимий-интеллектуалдык клубунун ишин баштады.

Илимий иштер жана
мамлекеттик тил
боюнча проректор

Байсеркеев А.Э.